# “МАНАС” ЖАНА “ЖАНГАР” ЭПОСТОРУНДАГЫ САЛТТУУ ПОЭТИКАЛЫК ЖАЛПЫЛЫКТАР, АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР ЖАНА КӨРКӨМ СӨЗ КАРАЖАТТАРЫНЫН БЕРИЛИШИ

***Гулина Толобаевна ЖАМГЫРЧИЕВА*** *– ф.и.д.,*
*ОшМУнун профессору*
*gulina65@inbox.ru*

**DOI: https://doi.org/10.5281/zenodo.15290605**

***Аннотация:*** *Бул макалада “Манас” жана “Жангар” эпосторундагы салттуу поэтикалык жалпылыктар жана айырмачылыктар, ошондой эле көркөм сөз каражаттары жөнүндө сөз болот. Элдин көз карашында кайраттуулуктун, баатырдыктын, күчтүүлүктүн үлгүсү болгон ажыдаар, алп кара куш, кара чаар кабылан, өңдүү жаныбарлар сүрөттөлгөн.*

*Айрыкча ошол түштөрү аркылуу ушул жаныбарларга таандык артыкча Манасты сыпаттоодо колдонулган «бир өзүнөн бүткөндөй», «күндөй», «айдай» өңдүү сөз айкаштары эпостун азыркы ыр саптарында метафора,метонимия, салыштыруу катары колдонулганы тууралуу сөз болуп, поэтикалык каражатка айлангандыгы тууралуу сөз болот.*

***Таяныч сөздөр:*** *Манас, Жангар, тотем, алп кара куш, ажыдаар, кулан, жылан, түш көрүү, колдоочусу, метофора, метонимия, жер, суу, күн, ай, дуба окуу, жаныбарлар, ырым-жөрөлгө, кең-пейил, айкөл.*

***Annotatsiya.*** *Ushbu maqolada “Manas” va “Jangar” dostonlaridagi an’anaviy she’riy umumiylik va farqlar, badiiy ifoda vositalari haqida so‘z boradi. Xalq nazdida mardlik, qahramonlik, kuch-qudrat namunasi bo‘lgan ajdarlar, bahaybat qora qushlar, qora chiziqli hayvonlar tasvirlangan. Dostonning hozirgi she’rlarida o‘sha tushlar orqali bu hayvonlarga mansub maxsus “Manas”ni ifodalashda qo‘llanilgan “o‘z-o‘zidan”, “quyoshdek”, “oydek” kabi iboralar dostonning hozirgi she’rlarida metafora, metonimiya, qiyos sifatida qo‘llangani aytiladi.*

***Kalit sozlar;*** *Manas, Jangar, totem, dev qora qush, ajdaho, qulan, ilon, tush, tayanch, metafora, metonimiya, yer, suv, quyosh, oy, duo, hayvonlar, marosim, saxovat, haykal.*

***Annotation.*** *This article talks about traditional poetic commonalities and differences in "Manas" and "Jangar" epics, as well as means of artistic expression. Dragons, giant black birds, black-striped animals are depicted as examples of courage, heroism, and strength in the eyes of the people. It is said that in Doston's modern poems, expressions such as "o'ozizidan", "quyoshdek", "oydek", which are used to express the special "Manas" belonging to these animals through those dreams, are used as metaphors, metonymy, qiyos in Doston's modern poems.*

***Keywords:*** *Manas, Warrior, totem, giant black bird, dragon, kulan, snake, dream, support, metaphor, metonymy, earth, water, sun, moon, prayer, animals, ritual, generosity, statue.*

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында миф оозеки прозанын жаралуу башатындагы негизги булак болгон. Элге эстетикалык канаттануу тартуулап, көркөм сөзгө карай табитин жакшыртып, эргүү-шыгын ойготкон оозеки поэзия сөз өнөрүнөн бөтөнчөлөнүп кара сөздүн башкы касиети – элдин башынан

өткөргөн ар кылымдардагы тарыхын, эзелки ишеним-ынанымдарын, алмустактан тутунган ырым-жөрөлгөсүн, салт-санаасын чагылдырып, тарых менен этнографиянын, дин менен философиянын, психология менен рухий маданияттын анын ичинен көркөм сөз өнөрүнүн дагы предмети боло алгандыгында. **[1,4-б.]**

Кыргыз элинде дүйнөнүн жаралышы, өнүгүшү, адамдын келип чыгуусу боюнча мифтер өз алдынча сакталып калган эмес. Бирок алар "Манас" баштаган эпосторубуздун тутумуна сиңип, туруктуу сюжеттик мотивдерге айланган учурлары кездешет. Ушундай эле көрүнүштү "Жангар" эпосунунан да байкоого болот.

"Манастын" белгилүү варианттарынын бардыгында ал төрөлөрдөн алда канча мурун ата-энеси элдин көз карашында тартынбастыктын, кайраттуулуктун, баатырдыктын, күчтүүлүктүн үлгүсү болгон ажыдаар, алп кара куш, кара чаар кабылан, сур жолборс өңдүү жаныбарларды түштөрүндө көрүшөт жана ошол түштөрү аркылуу ушул жаныбарларга таандык артыкча сапатка ээ эркек бала төрөлөрү билинет.

«Манас» эпосунун сюжетинин андан наркы өнүгүшүндө Чыйырды, Жакыптын түшүнө кирген ошол жаныбарлар Манастын колдоочуларына айланып, классикалык тотемдердин бардык белгилерин сактап, анын функцияларын аткарышат. Манас жоого киргенде ошол тотем жаныбарлар сүр-айбат болуп коштоп жүрөт:

Мисалы, М. Мусулманкуловдун варианты боюнча алсак:

"Ээ бай Жакып- деп айтат,
Байбичеси кеп айтат.
Түндө жатып түш көрдүм,
Абдан сонун иш көрдүм.
Берди кудай тилегим,
Токойдо жүргөн жолборстун.
Кармап алып өлтүрүп,
Сууруп жедим жүрөгүн.
Чынжырлай жолборс байладым,
Жыргады менин аймагым.
Этегимден өрт көрдүм,
Этектен чыккан жалынга,
Ааламдын баарын өрттөдүм.

Кармай жедим куланды,
Тирүүлөй жедим жыланды.
Бул түшүмдү жоруп бер,
Мен дагы бала тубамбы?” деп, айтылган. **[5,14-б.].**

Эпосто Манастын кереметтүү жаныбарлар менен байпанышы мындан да терең сүрөттөлгөн учурлар кездешет. Саякбай Карала уулу «артын сала бергенде ажыдаар түрү бар, астын сала бергенде алты миң эрдин сүрү бар» экенин белгилесе, Сагымбай Орозбак уулу Манастын каары келгенде адамдык түсү жоголуп, жолборс түрүнө өткөнүн айтат.

Бул тууралуу эпосто patsіоналдуу ой жүгүртүүнүн натыйжасында, каарман-жаныбарлардын образы акырындап адамдаштырууга өткөндө кейипкердин жарымы адам, жарымы жаныбар жаңы тиби пайда болгон. Манастын  образында ушул процесс реликт катары сакталган дейт илимпоз. Башкача айтканда «Узакка созулган эволюциялык процесстен улам адамга айланган мифтик каарман Манас чечүүчү учурда өзүнүн жырткычтык касиетине ээ болуп, арстандын, жолборстун, ажыдаардын кейпин киет. Бул эпикалык образдын айбанаттар менен болгон байланышы биротоло жоюла элек кездеги өнүгүү этабын чагылдырат**[3].**

Эпостун андан аркы эволюциялык өнүгүү процессинде эпикалык каармандын адамдык образы зооморфтук белгилеринен улам акырындап алыстай баштайт. Жаныбарлар эми каармандын өзү эмес, анын атрибуту болуп калат (Мисалы, байыркы Египет, грек мифтериндеги кудайларды, «Манастагы» башкы каарманды жандап жүргөн жаныбарлардай) же каарман зооморфтук келбетке келбестен баштагы тотем жаныбардын кебин гана кийип жүргөн болот (Мисалы, грек мифинде Геракл, ирандыктардын «Шахнамэсинде» Үрүстөм дайыма жолборстун терисин кийип, жоодон эч жеңилгис касиетке ээ болушкандай).    Patsіоналдуу ой жүгүртүүгө негизделип, байыркы зооморфтук образ улам жумшартылып, улам адамдаштырылып олтуруп, акыры субъективдештирилген поэтикалык образга орун бошотот.

Бул көрүнүш Манастын  образына да туура келерин «Манас» изилдөөчү Р. З. Кыдырбаева да белгилеген: «Алгачкы символдор, Манастын образынын жаныбарлар менен байланышы шек жок зооморфизмдин туундусу болгон, андан кийинки мезгилдерде гана алар таза көркөм символдор менен биригишет да, Манастын образын такай жандап жүргөн эпитеттерге айланышат Манастын

образына кайрылып, аны изилдеген бир катар окумуштуулар анын тегин же тикеден-тике өзүн кудайлар менен байланыштырышат.

Манастын образын алгач тикеден-тике кудайдын образы менен байланыштырган окумуштуу П.Н. Берков болгон. Ал алтайлыктардын эпосунун башкы оң каарманы Алып-Манашты Манас менен генетикалык түбү бир катары параллель карайт да, Алып-Манаштын байыркы образында өмүр берүүчү, жашоону жаратуучу күндүн (байыркы элдердин мифологиясында башкы кудай) образы жатат деп болжойт. Башкача айтканда, Манастын түпкү образы күн кудайдын образынан өсүп чыккан деген ойду айтат. Эпостогу: «айың менен күнүңдүн бир өзүнөн бүткөндөй» деген өтө белгилүү ыр сабына, ушул өңдүү башка фактыларга таянып, окумуштуу М. Борбугулов П.Н. Берковдун оюн дагы тереңдетип мындай дейт: «Манас же Ай менен Күндүн өзү, же алардын уулу» деген жыйынтыкка келет. Муну Манаска ат коюлганда анын келечекте ким болорун алдынала аныктаган.

Манасты сыпаттоодо колдонулган «бир өзүнөн бүткөндөй», «күндөй», «айдай» өңдүү сөз айкаштары эпостун азыркы ыр саптарында метафора, метонимия, салыштыруу катары колдонулганы менен тереңден карай келгенде, ал patsionалдуу ой жүгүртүүнүн натыйжасында баштагы функциясын өзгөртүп, поэтикалык каражатка айланган миф экени анык болот. Башкача айтканда, абалкы абалында Манас ай менен күндүн бир өзүнөн (бойго) бүткөн (бүтүндөй эмес) же ал ай менен күндүн өзү (айдай, күндөй эмес). Манас сыяктуу каармандардын күн менен айдан төрөлүшү түрк-моңгол элдеринин эпикалык чыгармаларында салттык мотив болуп келгендиги алардагы байыркы мифтер менен да ырасталат.

Манастын чыныгы элдик баатыр катары негизги белгиси эл-жерине берилгендиги. Ал эс тарткан күнүнөн өлөр-өлгүчө ата журттун эркиндиги үчүн ички-тышкы душман менен жан аябай күрөшөт. Ал ар дайым биринчи болуп жоого чабуул коюп, анын эң кыйын баатырларын жекеме-жеке беттешүүлөрдө жеңип чыгат. Ата журтка болгон чексиз сүйүү, андан канын-жанын аябоо, намыскөйлүк анын жоокердик мүнөзүндө жетектөөчү роль ойнойт.

Ал элдик улуу ишке башкаларды да шыктандырып, патриоттук рухун көтөрүп, өзүнүн артынан ээрчитет. Баатырды бөлүп турган негизги белги – нукура элдик жетекчилик. Ал жигердүү, даанышман жетекчи катары чабылып, чачылган элдин башын бириктирип, күч-кубатын бир жерге топтоо аркылуу саясий биримдигин арттырат. Тышкы жоого алдырбас бекем «мамлекет» түзөт.

Эпикалык монарх катары ал калмактардын эпосундагы Жангарга, өгүз түрктөрүнүн дастанындагы Баюндур канга типтеш. Аталган каармандардын бардыгы тең Манас сыяктуу идеалдуу борборду түзүшөт, алардын айланасына элдик баатырлар чоро (дружник) же вассал катары топтолушуп, баатырдык иштерин жүргүзүшөт.Натыйжада, ушул эпикалык монархтын айланасында эпостун бардык окуялары өтөт. Манастын аты инди-европа тилдериндеги «Манас» деген өтө байыркы сөз менен үндөш. Аталган сөз бул тилдерде төмөнкүдөй маанилерге ээ: 1) жан (дух, душа); 2) акыл-эс, акылмандык, даанышмандык; 3) кең пейил, айкөл; 4) эр жүрөк, кайраттуу, тартынбас; 5) максат, эңсөө, шык. Инди-европа тилдеринин ономастикасында бул сөз активдүү роль ойноп, кудайлардын, эпостук каармандардын, касиеттүү жер-суулардын аталыштары катары сүрөттөлөт.

Эпостогу монументалдуу образдардын ичинен Алманбеттин образы өзүнүн көп кырдуулугу менен бөтөнчө орунга ээ. Манаска жакын башка адамдар өздөрүнө таандык сапаттары (Мисалы, Чубак, күч-кубатка эгедерлиги, намыскөйлүгү; Сыргак чыйрактыгы, шамдагайлыгы, моюбастыгы; Каныкей менен Бакай акылмандыгы, көсөмдүгү) менен өзгөчөлөнүп турушса, Алманбетте аталган сапаттардын бардыгы тең бар. Ошондой эле ал укмуштуу өлкө Кытайда окуган, аярлык, жайчылык өңдүү укмуштуу өнөрлөргө ээ жана аскердик өнөрдүн түрдүү жактарын терең билген каарман. Ал Манаска келип кошулгандан тартып эпостогу окуяларга активдүү катышып, Манас менен тең катар эле айтылат.

Ал өзүнүн духуна туура келген, идеалына жооп берген баатырга жетүүнү көксөп, элден эл кыдырып, жер кезет. Алмамбет өз элинен кетип, кыргыздар тарапка өтүп, Манас менен эмчектеш тууган болгон күнүнөн өзүндөгү өнөр-билим, акыл-айла, баатырдык күч-кубатты кыргыз элинин намысын, эркиндигин жат душмандардан коргоого арнайт.

Кытайдын чегин кайтарган укмуштуу, сыйкырдуу жаныбарлар: куу түлкү, куу өрдөк, куу аркар жана жалгыз көздүү Макел-Малгунду Алманбет өзүндөгү мына ошол касиеттеринин жардамы менен жеңип чыгат. Жолду бууган агыны күчтүү дарыянын суусун жайчылык өнөрү менен тарттырып, кыргыз колун суудан аман кечирип өтөт, керек жерде күндү жайлап, жайды кышка айлантат. Ал ошону менен бирге таланттуу кол башчы катары кыргыз колун өтө узак, кыйын жортуулга билгичтик менен баштап барып, душманды жеңип алууда зор роль ойнойт.

Анын минтип Манаска ак кызмат кылып, өзү туулуп өскөн эли кытайга каршы кол баштап барышы өз ата мекенине чыккынчылык катары каралбайт. Тескерисинче, мында кытай элин адилетсиз кандардын зулум бийлигинен эркиндикке чыгаруу сыяктуу бийик идеал жатат. Эл-жерди сүйүүнүн идеал образы да Алманбеттин образына байланышкан. Анын эл-жерди сүйүүсү, «элди сагынбас эр болбойт, үйүрүн сагынбас ат болбойт» — дегендей, башка жерде канчалык сый урматта жүрсө да, эли-жерин эстен чыгарбай куса болуусу аркылуу берилет. Натыйжада анын образы көөнө мифтик-фантастикалык элементтерге бай маданий каармандан биздин күндөргө жакын тарыхый доордун конкреттүү реалдуу каарманына өсүп жеткен.

Ал эми «Манас» эпосун изилдөөчүлөр Коңурбайдын образын калмактардын баатырдык эпосу «Жангардагы» эпикалык Улан-Хонгор менен байланыштырышат. Окумуштуулардын «Жангар» эпосун дагы Улан-Хонгорду да, «Манастагы» Коңурбайды да Иртыштын башындагы географиялык райондордо кеңири таралган Конгор-Батор деген легендарлуу баатырдын ысымына байланыштырышы негиздүү. Мына ушул пикирге таянып «Манас» изилдөөчү Э. Абдылдаев да Коңурбайдын образы Ойрот мамлекетинин биригүүсүнүн (14–16-кылымдар) жана андан кийинки Жунгар кандыгынын (17–18-кылымдар) баскынчыл чабуулдарынын мезгилиндеги калмактардын феодалдык баскынчыларынын жалпылаштырылган образын туюндурат деп көрсөтөт.

Саякбай Каралаевдин вариантында кытай баатыры Коңурбайдын «Манас» эпосундагыдай эле баскынчылык жана айлакерлик саясаты «Семетейде» да өз күчүндө сакталган. Эпосто Коңурбайдын баскынчылык, зордукчулук иш-аракетин Таласты камап «Чатакташпай чырдашпай, Таласың тартуу бер, бурут» деп буйрук кылып, сууну башка тарапка бурдуруп, элди суусуз калтырганы жана анын айлакер, арамзалыгы калк карысы Бакайдын Семетей баатырга: «Сен эмес атаң Манасты алты жолу алдаган Коңурбай» дегенинен көрүнөт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Нарынбаева Н.О. Миф.Оозеки кара сөздүн көөнө уңгулары Бишкек -2011 4-б.)
2. "Манас" баатырдык эпос М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. Бишкек. "Бийиктик плюс"[2,14-б].
3. М.Борбугулов, «Манас» эпосунун байыркы башаттары. "Кыргызстан маданияты", 22-январь, 1987.